**КАБЫЛ АЛЫНДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын
2024-ж. «04» 11
№ 03 протоколу

**БЕКИТЕМ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору
Н.К. Турусбекова
_______________
2024-ж. «19» 11

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору
М.К. Чыныбаев
_______________
2024-ж. «___» _______

**И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде сабактар боюнча олимпиада өткөрүү жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Политехникалык колледжинин жергиликтүү ченемдик документи болуп саналат (мындан ары - Колледж жана Университет деп аталат), анын статусун, максаттарын жана милдеттерин, ошондой эле колледждин жылдык Билим декадасынын (мындан ары - Олимпиада) алкагында олимпиаданы өткөрүү тартибин аныктайт.

## 2. Олимпиаданын максаттары жана милдеттери

2.1. Олимпиада Колледждин студенттеринин билимин, билгичтиктерин жана жөндөмдөрүн өркүндөтүү, студенттердин техникалык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо жана өркүндөтүү, алардын андан ары Университетте окуу келечегине, билим берүү жана изилдөө иш-аракеттерине кызыктыруу максатында Колледждин Билим Декадасынын алкагында өткөрүлөт.

2.2. Олимпиаданын негизги максаттары:

- студенттердин интеллектуалдык жана кесиптик өнүгүүсүн стимулдаштыруу жана түрткү берүү, сабаттуу жана жөндөмдүү студенттерди колдоо;
- окуучуларды жогорку деңгээлдеги олимпиадаларга (шаардык, облустук, республикалык жана эл аралык) катышууга даярдоо;
- окуучулардын олимпиадага катышуусуна даярдануу процессинде окуу материалын жакшы өздөштүрүүнүн эсебинен окуу көрсөткүчтөрүн жогорулатуу.

2.3. Олимпиада жыл сайын 1-курстун (9 класстын базасында)
студенттери арасында негизги сабактар боюнча (кесиптик модулдар, мындан ары - кесиптик модуль) өткөрүлөт.

2.4. Колледждин Билим декадасынын алкагында өткөрүлүүчү олимпиадага арналган сабактардын (кесиптик модулдар) тизмеси ар бир окуу жылынын башында аныкталат.

## 3. Олимпиаданын катышуучулары

3.1. Колледждин бардык студенттери олимпиадага катыша алышат,